*Карынов Ч.К.*

# ЭМГЕК МАМИЛЕЛЕРИНДЕГИ СОЦИАЛДЫК ӨНӨКТӨШТҮКТҮН ТЕОРИЯЛЫК-УКУКТУК АСПЕКТИЛЕРИ

*Карынов Ч.К.*

# ТЕОРЕТИКО-ПРАВОВЫЕ АСПЕКТЫ СОЦИАЛЬНОГО ПАРТНЕРСТВА В ТРУДОВЫХ ОТНОШЕНИЯХ

*Ch.K. Karynov*

# THEORETICAL AND LAW ASPECTS OF SOCIAL PARTNERSHIPIN LABOR RELATIONS

*УДК: 340.141(575.2)(043.3)(04) 344(075.8)349.2*

*Макалада эмгек чөйрөсүндөгү социалдык-өнөктөштүк мамилелеринин тарыхый-укуктук аспектилерин, анын динамикасын, ошондой эле учурдагы абалын жана өнүгүү келечегин, социалдык өнөктөштүктүн теориялык жана укуктук жактан жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрүн, бүгүнкү күндөгү социалдык өнөктөштүктүн эффективдүүлүгүн, аны өнүктүрүүгө байланыштуу ар түрдүү деңгээлдеринде социалдык өнөктөштүк системасынын субъектилеринин маселелерин; социалдык өнөктөштүк боюнча теориялык идеялардын, социалдык өнөктөштүктүн баштапкы, базалык негиздерин, макулдашуулар менен бирге тынчтык жолунда чечилишин, коомдун өнүгүүсүн калыптануусундагы социалдык, саясий, экономикалык реформалар менен катар социалдык-өнөктөштүк мамилелеринин түзүүнү жана колдоо системасын; кесиптик бирликтер менен башкарууга органдар арасындагы социалдык-экономикалык маселелерди чечүүдөгү макулдашуу тажрыйбасын, социалдык-эмгектик чөйрөдө катышкан тараптардын кызыкчылыктарын, коомдогу жана эмгек чөйрөсүндөгү социалдык өнөктөштүктүн укуктук мамилелеринин зарылдыгы жана өз ара аракеттенүүлөрүн иликтөөгө алынат.*

***Негизги сөздөр**: мамлекет, теориялык негиздер, укуктук негиздер, экономикалык туруктуулук, теориялык идеялар, социалдык макулдашуулар, кесиптик бирликтер, эмгек рыногу, социалдык саясат, жамааттык сүйлөшүүлөр.*

*В этой статье рассматриваются исторические и правовые аспекты социального партнерства в области трудовых отношений, его динамики, эффективность, а также современного состояния и перспективы развития, особенности теоретического и правового регулирования социального партнерства, и вопросы, связанные с развитием различных уровней системы субъектов социального партнерства; теоретические идеи о социальном партнерстве, наряду с первичным, основные и базовые рамки соглашений о социальном партнерстве, соглашение и мирных путей решение трудовых споров, система социальной поддержки и установление партнерских отношений в развитии и формировании в обществе социальных, политических и экономических реформ; опытом координации в решении социально-экономических проблем между профсоюзами и органами управления, интересы сторон участвующих в социально-трудовой сфере, особенности в обществе и трудовой среде социальных отношений и их взаимодействий.*

***Ключевые слова:** государство, теоретические основы, правовые основы, экономическая стабильность, теоретические идеи, социальные соглашения, профсоюзы, рынок труда, коллективные переговоры.*

*This article covers: historical and law aspects of social partnership in the field of labor relations, its dynamics, efficiency, as well as the current state and development prospects, features of theoretical and legal regulation of social partnership, and issues related to the development of various levels of the system of subjects of social partnership; theoretical ideas about social partnership, along with the primary, basic and basic framework of agreements on social partnership, agreement and peaceful ways to resolve labor disputes, the system of social support and the establishment of partnerships in the development and formation of a society of social, political and economic reforms; experience in coordination in solving social and economic problems between trade unions and government bodies, the interests of the parties involved in the social and labor sphere, especially in society and the working environment of social relations and their interactions.*

***Key words:** state, theoretical foundations, legal foundations, economic stability, theoretical ideas, social agreements, trade unions, labor market, collective bargaining.*

Эмгек чөйрөсүндөгү социалдык өнөктөштүк – жумушчулар менен жумуш берүүчүлөрдүн жана бийлик структураларынын тыгыз байланышын, алардын өз ара иш аракеттериндеги кызматташтыктарын эффективдүү камсыз кылуу максатында, субъекттердин кызыкчылыктарын бир ыңгайга келтирген маданияттуу мамилелер системасы деп эсептесек болот.

«Чет мамлекеттердеги социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү тажрыйбасында көрсөтүлгөндөй, анын өнүгүүсү азыркы учурда өнүккөн мамлекеттерде экономикалык, саясий, социалдык-психологиялык жана маданий шарттарга байланыштуу тараптардын өз ара кызматташуусунан көз каранды экендигине байланыштуу.

Алар социалдык өнөктөштүктүн максаттарын кеңири колдонуу аркылуу ишке ашырып, натыйжада күтүлгөн социалдык жана экономикалык жетишкендиктерге барууну көздөшөт» [1].

Теориялык - укукка негизинделген социалдык өнөктөштүк, акыркы убакытта көбүрөөк актуалдашып бара жатат. Аны менен мыйзам ченемдүү маселелер жаралат: социалдык өнөктөштүктүн максаты, аны ишке ашыруу механизмдерин иштеп чыгуу, түрдүү секторлор арасындагы кызматташтыкты тартипке келтирүү ж.б.

Социалдык өнөктөштүк мамлекет менен жарандык коомчулуктун, мамлекеттин (жергиликтүү бийлик органдарынын), кесиптик бирликтердин (алардын бирикмелеринин) жана жумушчу менен жумуш берүүчүлөрдүн (алардын бирикмелери) ортосундагы «... бардык социалдык экономикалык маселелерге жооп берген өз ара кызматташтыкты түшүндүрөт» [2].

Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткен күндөн тартып административдик-командалык экономикабыз чарба жүргүзүүнүн рыноктук ыкмасына негизделген социалдык багыттагы базар экономикасына алмашууга өттү. Буга байланыштуу мамлекеттин коомдук-саясий жана экономикалык турмушунда радикалдуу жылыштар болууда. Жаңыдан калыптана баштаган социалдык жана экономикалык мамилелер жумуш менен камсыз кылууда, социалдык коргоодо, эмгек өндүрүмдүүлүгүндө жана мотивациялоодо жаңы мамилелерди талап кылат.

Ар бир мамлекет коомдун турмуш тиричилигин стабилдүүлүккөжеткизүүгөкызыктар. Экономикалык туруктуулукка жетишүү аркылуу мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары калктын социалдык коргоо программасын ишке ашыруу жана социалдык өнүгүү боюнча бардык маселелерди чечүү мүмкүнчүлүктөрү бараган сайын жогоруулоодо.

Республика көз карандысыздыкка өткөн шартта социалдык өнүгүү мүмкүнчүлүгү түрдүү социалдык группалар, калк менен бийликтин структуралары арасында өз ара түшүнүшүү аркылуу кызматташа баштады. Тарыхый жактан жашоо-тиричилик жана салттардын өзгөчөлүктөрү маанилүү орунга чыкты. Анда бардык экономикалык жана социалдык маселелерди күчтүү эрк, социалдык чыдамкайлык жана эки тарапка тең пайдалуу кызматташууда калктын менталитети да чечүүчү ролго ээ болду.

Мамлекет өлкөдө болуп жаткан социалдык, саясий, экономикалык реформалар менен катар эмгек рыногун түзүүнүкөздөйт. Булөндүрүү күчтөрүнүн элементтери болбосо, капитал менен эмгек бириктирилбесе, өндүрүштүк иш алдыга жылбайт. Учурдагы социалдык-экономикалык шарттар көптөгөн жеке менчиктин түрлөрүн, базар мамилелерин, чарба жүргүзүүгө жаңы ыкмаларды киргизүү зарылдыгын аныктайт. «Эмгек рыногундагы эркиндик эмгекти пайдалануу, эмгек мамилелерин укуктук жөнгө салуу менен байланыштуу бир катар жаңы маселелерди жаратат» [3].

Бул маселелерди чечүү максатында мамлекет тарабынан эмгек акыны жогорулатууда жеке салым менен жогору киреше алуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү, жекече демилге көтөрүү, калкты иш менен камсыз кылуу, жумушчулардын эмгек укуктарын коргоо ж.б. аркылуу реформалаштыруу, кирешелерди колдоо системасын жаратууга багытталган социалдык саясат жүргүзүлөт.

Социалдык өнөктөштүктү калыптандыруу мамлекетте, негизинен коомчулуктагы социалдык эмгек мамилелерин «маданияттуу жол менен жөнгө салуу» деген объективдүү муктаждыкты сезген бир катар социалдык күчтөрдүн демилгеси менен ишкеа шырылат.

Азыркы этапта социалдык өнөктөштүк системасынан ализдөө мамлекеттеги социалдык туруктуулукка жакшы таасир тийгизген фактор катары эле эмес, өз алдынча башкаруу органдары үчүн экономиканы динамикалуу өнүктүрүүнүн маанилүү шарты катары өзгөчө баалуулукка ээ боло баштады.

«Коомчулуктагы социалдык туруктуулук жана экономиканын өнүгүшүндөгүдинамизм, биринчиден–жумушчу менен өндүрүш ээсинин ортосундагы байланыштын мүнөзүнөн көз каранды» [4]. Жогоруда айтылган экономикалык өбөлгөлөрдөн тышкары мамлекеттин жана коомдук түзүлүштүн туруктуулугун камсыз кылууга өбөлгө болуучу психологиялык шарттарды жана үрп-адаттарды да унутпоо керек.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 22-беренесине ылайык, «Социалдык өнөктөштүк – макулдашылган социалдык-экономикалык саясатты, эмгек мамилелери жаатындагы саясатты аныктоодо жана турмушка ашырууда мамлекеттик бийлик органдары, жумуш берүүчүлөрдүн бирикмелери менен кесиптик бирликтердин өз ара аракети, ошондой эле тараптардын өз ара чектерин мамлекет аныктай турган жумуш берүүчүлөр менен кесиптик бирликтер ортосундагы эки тараптуумамилелер» [5].

Мамлекет «...эмгек чөйрөсүндө социалдык өнөктөштүк мамилелердин субъектиси боло албайт. Ал бийлик структурасы катары керектүү мыйзамдарды кабыл алуу менен социалдык өнөктөштүктүн тараптар менен катышуучулардын арасындагы жүрүм-турум эрежелерин аныктайт» [6].

Мамлекеттик саясатты жүргүзүү максатында социалдык өнөктөштүккө аткаруучу бийликтин өкүлдөрү тартылат. Мындан тышкары, жумуш менен жумуш берүүчүлөр жана кесиптик бирликтердин бирикмелери үчүн маанилүү суроолорду жамааттык келишимдик жана жеке-келишимдик эмгек мамилелерин жөнгө салууда, көбүрөөк мүмкүнчүлүк берүү менен минималдуу социалдык эмгектик стандарт-

тарды аныктоону мамлекет өз мойнуна алат. Мамлекеттеги оор социалдык-экономикалык абалга карабастан, социалды көнөктөштүктүн тараптары бул мамилелер жетишкен деңгээлинде туруп кала бербестен, өнүгүп жетилген, ошол эле учурда калктын негизги топторунун кызыкчылыктарын тең салмакта кармоо жана коомчулуктагы социалдык туруктуулук менен келишимге жетишүүгө арналган маданияттуу коомчулуктун жүрүм-турум адаты болуп калышы үчүн бардык чараларды көрөт.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде жана башка мыйзамдарында [7] орун алган социалдык өнөктөштүк структурасынын өз ара байланышкан нормалардын системасын иштеп чыгуу боюнча укуктук негиздерди, жыйынтыктарды жана социалдык-эмгек келишимин жөнгө салууга кол кабыш кылуу менен өнөктөштөр арасындагы иш-аракеттерге жардам көрсөтүү максатындагы келишим менен макулдашууларды аныктайт. Чындыгында, ал эмгек мамилелер чөйрөсүндө өнүгүү механизми болуп саналат.

Мындай мыйзамдардын өзгөчөлүктөрүнүн бирине мамлекет тарабынан социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүү менен колдоо көрсөтүү, жумушчу менен жумуш берүүчүлөр, кесиптик бирликтер жана аткаруучу бийлик органдар арасында жамааттык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү процедурасын колдонуу кирет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизинде, өз алдынча башкаруу органдары үчүн Конституция тарабынан кепилдик берилген укук жана жергиликтүү коомдун жеке кызыкчылыктарында, жеке жоопкерчиликте жергиликтүү маселелерди чечүү реалдуу мүмкүнчүлүк болуп саналат.

Мамлекеттик бийлик менен жергиликтүүкө залдынча башкаруу органдарынын жоопкерчиликтерине калктын турмуштук керектөөлөрүн, жашоо шарттарын, транспорттук жана коммуникациялык камсыздоонун, негизги маданий керектөөлөрүн, медициналык жардамалуунун жана башка көйгөйлүү маселелерин жоюуда чечим кабыл алуу зарылдыгы турат. Башкача айтканда, калктын турмушу менен түздөнтүз байланыштуу болгон көйгөйлөрдүү чечүү маселеси эсептелет.

Региондук деңгээлде республикалык кесиптик бирликтин тармактык комитеттер менен чарбалык башкарууга тиешелүү органдар арасында тармактын өзгөчөлүгүнө жараша социалдык-экономикалык маселелерди чечүү максатында тармактык макулдашуулар активдүү жүргүзүлөт.

Республикадагы социалдык маселелерди борборун аймактык башкарууга (шаар, район) өткөрүүдөн улам социалдык-экономикалык маселелерди, аймактык өзгөчөлүктү эске алуу менен чечүү үчүн администрациялар менен кесиптик бирликтердин башчыларынын ортосунда макулдашуу түзүү тажрыйбасы жайылтыла башталды. Ошондой эле тармактык райондук (шаардык) кесиптик бирликтери менен тиешелүү чарбалык бөлүмдөр арасында социалдык-экономикалык маселелердин тармактык өзгөчөлүктү жана жергиликтүү шарттарды эске алуу үчүн атайын макулдашуулар бар. Натыйжада көптөгөн социалдык мааниге ээ маселелер жергиликтүү бюджеттин жардамы менен чечилүүдө.

Бирок регионалдык жана жергиликтүү бийлик тарабынан маселелерди мындай жол менен чечүү аракеттери күтүлгөн жыйынтыктарды бербей келет. Мамлекеттеги социалдык-эмгектик мамилелерди жөнгө салуунун ар түрдүү деңгээлдеринде социалдык өнөктөштүк системасынын субъектиси болгон аткаруу бийлик органдары менен жергилүктүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жумуш берүүчүлөр айрым учурлардан тышкары негизги калк тобунун түпкү кызыкчылыктарын эске албай тиешелүү макулдашууларды, келишимдерди түзүүдөн баштартышат. Бул өз учурунда кабыл алынган жоопкерчиликтерден баш тартуу менен өлкөбүздөгү базар мамилелериндеги шарттарында, жумушчулардын социалдык-эмгектик мамилелерин жөнгө салуу ишеними жокко чыгарылат.

Социалдык өнөктөштүктүн идеяларын өнүктүрүү боюнча татаал маселелерди чечүүдө, мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары экономикасынын реалдуу секторунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу маселелери менен тыгыз байланышта экендигин унутпоосу зарыл.

Буга карабастан, мамлекеттин социалдык-экономикалык өнүгүүсүндөгү оң жылыштар, базар мамилелерине өтүү, экономикада туруктуу ылдамдык, жергиликтүү калктын кирешесиндеги өсүү социалдык өнөктөштүк идеяларын бара-бара ишке ашырууга ыңгайлуу шарттарды түзөт. Ал идеялар болсо социалдык маселелерди чечүүчү ишенимдүү каражатка, экономикалык өсүүдөгү эң күчтүү факторлорго айланууда. Социалдык өнөктөштүктүн идеологиясынын принциптери коомчулукта анча талап кылынбагандыгына каршы чыга албагандыктан, анын натыйжалуулугу азырынча байкалбай келет.

Ошентип, социалдык өнөктөштүк процессине катышкандардын бардыгына (мамлекет, коомчулук, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жумушчулар жана жумуш берүүчүлөр) социалдык маселелерди чечүүдө пайдалуу экендиги ырас. Анткени, социалдык өнөктөштүктүн чегинде өнөктөштүктү активдештирүү үчүн бардык кызыкдар тараптардын аракеттенүүсүн талап кылуу менен натыйжалуу, максаттуу колдонуунун гаранты болуу жоопкерчиликке алган учурда жана өз ара кызматташуунун эффективдүүлүгү болушуна шарт түзмөкчү.

**Адабияттар:**


1. Лутохина Э.Л. Социальное партнерство в зарубежных странах (опыт и уроки) // Белорусский журнал международного права и международных отношений. - 2003. - № 1. - С. 69-75.
2. Иванов С.Л. Социальное партнерство как феномен цивилизации // Журнал социологии и социальной антропологии. - 2005. - Т. VIII. - № 3. - С. 85-86.
3. Шмидт Г. Партнерство в условиях социальной рыночной экономики // Социалистический труд. 1990. №9. С.86.
4. Нуртдинова А.Ф. Коллективно-договорное регулирование трудовых отношений в современной России. М. 1998., 109-110.
5. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси, 4-август 2004-ж., №106.
6. Рыженков А.Я. Трудовое право России: учебник / А.Я. Рыженков, В.М. Мелихов, С.А. Шаронов; под общ. ред. д-ра юрид. наук, проф. А.Я. Рыженкова. - М.: Высшее образование; Юрайт-Издат, 2009. - С. 130.
7. Кесиптик бирликтер жөнүндө КРМыйзамы, 16 октябрь 1998-ж., № 130, Ишберүүчүлөрдүн бирикмеси жөнүндө КР Мыйзамы, 22-май 2004-ж., № 66, Жамааттык келишимдер жөнүндө КР Мыйзамы, 21-август 2004-ж., №164, Кыргыз Республикасындагы эмгек мамилелер жаатындагы социалдык өнөктөштүк жөнүндө КР Мыйзамы, 25-июль 2003-ж., №154.


**Рецензент: к.ю.н., доцент Бакирова Ш.М.**